# Чыгуу



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КЫЗЫЛ ДЕҢИЗДИН ЖАНЫНДА ЖАЙГАШКАН АСКАЛУУ ЖЕРГЕ КЕЛИШТИ. АЛАР ДЕҢИЗДЕН ӨТҮҮ ЖОЛДОРУН ТАЛКУУЛАГЫЧАКТЫ ЭЛ АЛ ЖЕРДЕ ТОКТОП ТУРДУ.
УУЛУНУН ӨЛҮМҮНӨ КАЙГЫРЫП БҮТКӨН СОҢ ФАРАОН МУРДАГЫДАН ДА КАТУУ КААРДАНДЫ. ЭМНЕ ҮЧҮН АЛ КУЛДАРЫН КОЕ БЕРДИ?
МАЙДАН АРАБАЛАРЫН ДАЯРДАГЫЛА. ЕВРЕЙЛЕРДИ КУУП БАРГЫЛА. АЛАРДЫ КАЙТАРГЫЛА ЖЕ ОШОЛ ЖЕРДЕ ӨЛТҮРГҮЛӨ.
СИЗ АЙТКАНДАЙ БОЛОТ, ТӨРӨМ.


МИСИРЛИКТЕР АЛСЫЗ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫН КӨРҮП ЖАНА МУСАНЫН АЛЫП КЕЛГЕН КАЙГЫЛАРЫН ЭСТЕП, АЛАРДЫ ӨЛТҮРҮҮ ҮЧҮН КУУП ЖӨНӨШТҮ.
КАРАГЫЛАЧЫ, МИСИРЛИКТЕРДИН АСКЕРИ КЕЛЕ ЖАТАТ! БУЛ ЧӨЛДӨ КАМАЛЫП КАЛАБЫЗ!
МУСА БИЗДИ БУЛ ЖЕРГЕ ӨЛҮМГӨ АЛЫП КЕЛИПТИР. УШУЛ ЧӨЛДӨ ӨЛГҮЧӨКТҮ, КУЛ ЭЛЕ БОЛУП ЖҮРӨ БЕРСЕК БОЛМОК.
ЭКИ ТАРАБЫБЫЗДА ЭКИ АСКА, АЛДЫБЫЗДА ДЕҢИЗ ТУРАТ. КАЧАРГА ЖЕРИБИЗ ЖОК.
ЭКИ ТАРАБЫБЫЗДА ЭКИ АСКА, АЛДЫБЫЗДА ДЕҢИЗ ТУРАТ. КАЧАРГА ЖЕРИБИЗ ЖОК.
ОРДУҢАРДАН ЖЫЛБАГЫЛА. ТЕҢИР БИЗДИ КЕРЕМЕТТҮҮ ТҮРДӨ КУТКАРАТ.
КУДАЙ ДАГЫ БИР ИРЭЭТ ФАРАОНДУН ЖҮРӨГҮН КАТУУЛАНТЫП КОЙДУ. МЫНДАН КИЙИН СИЛЕР ЭЧ КАЧАН МИСИР АСКЕРЛЕРИН КӨРБӨЙСҮҢӨР.







МИСИРДЕН ЧЫГУУ 14:7-14









МИСИРДЕН ЧЫГУУ 14:15, 19-20


БУЛУТ МАМЫ ТҮНКҮСҮН БИРИНЕ КАРАҢГЫЛЫК КАПТАТЫП, ЭКИНЧИСИНЕ ЖАРЫК БЕРИП ТУРДУ, ОШОНДУКТАН МИСИРЛИКТЕР Т ҮНҮ БОЮ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРГА ЖАКЫН КЕЛЕ АЛЫШКАН ЖОК.


ТАЯГЫҢДЫ ӨЙДӨ КӨТӨРҮП, КОЛУҢДУ ДЕҢИЗГЕ СУН. ОШОНДО ДЕҢИЗ СУУЛАР ЭКИ ЖАККА ТАРТЫЛГАНДА ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КУРГАКТЫК АРКЫЛУУ ӨТҮП КЕТЕТ.
ТЕҢИР ТҮНҮ БОЮ ЧЫГЫШТАН КАТУУ ШАМАЛ СОКТУРДУ…


МЕН ӨЗ ДАҢКЫМДЫ ФАРАОН АРКЫЛУУ, АНЫН МАЙДАН АРАБАЛАРЫ, АТЧАН АСКЕРЛЕРИ АРКЫЛУУ КӨРСӨТКӨНДӨ, МИСИРЛИКТЕР МЕНИН ТЕҢИР ЭКЕНИМДИ БИЛИШЕТ!




АЙ-ИЙ.
БИЗДИН ТЕҢИР БАРДЫК КУДАЙЛАРДЫН КУДАЙЫ. БИЗ ДЕҢИЗДИН ТАК ОРТОСУНДАБЫЗ.
МИСИРДЕН КӨРГӨНДӨР БУГА ЭЧ ТЕҢ КЕЛЕ АЛБАЙТ.
ЖОСИЯ!
СЕН СҮЗҮҮНҮ БИЛБЕЙСИҢ, АЛ ЖАКТАН АЛЫСЫРААК БОЛ!
МЕН ЖӨН ГАНА БУЛ КООЗ БАЛЫКТЫ КОЛУМДУ ТИЙГИЗГИМ КЕЛИП ЖАТАТ.
АЛГА! ЕВРЕЙЛЕРДИ ӨЛТҮРГҮЛӨ!
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ДЕҢИЗДЕН ӨТҮП БҮТКӨНҮ КАЛГАНДА ТЕҢИР ОТ МАМЫНЫ АЛЫП ТЫШТАДЫ. МИСИРЛИКТЕР ДЕҢИЗ СУУСУН КӨРБӨЙ ЭЛДИН АРТЫНАН КУУП ЖӨНӨШТҮ.


БҮГҮН СИЛЕР КУДАЙДЫН КҮЧҮН КӨРДҮҢӨР.
КАРАСАҢАР, СУУ КАЙРА КИРЕ БАШТАДЫ.
АЗЫР АЛАР ЧӨГҮП КЕТИШЕТ.


АР БИР МИСИР АСКЕРИ ДЕҢИЗГЕ ЧӨКТҮ. АЛАРДЫН ЖЫГАЧТАН ЖАНА ТАШТАН ЖАСАЛГАН КУДАЙЛАРЫ АЛАРДЫ САКТАЙ АЛГАН ЖОК.


БҮТ МИСИР АСКЕРИ КЫРЫЛЫПТЫР.
ТЕҢИРГЕ ЫРДАГЫЛА, АНТКЕНИ АЛ ДАҢАЗАЛАНДЫ.
АТЧАН АСКЕРДИ АТЫ МЕНЕН КОШО ДЕҢИЗГЕ ЧӨКТҮРДҮ.
ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ЧӨЛДӨ ҮЧ КҮН ЖОЛ ЖҮРҮШТҮ, ИЧКЕНГЕ СУУ ТАППАЙ КОЮШТУ.
БИЗ БУЛ АЧУУ СУУНУ ИЧЕ АЛБАЙБЫЗ.
ОШОНДО ТЕҢИР АГА БИР ЖЫГАЧТЫ КӨРСӨТТҮ. МУСА АНЫ СУУГА ЫРГЫТКАНДА, СУУ ТАТТУУ БОЛУП КАЛДЫ.
БИЗ МИСИР ЖЕРИНДЕ НАНДЫ ТОЁ ЖЕП, ЭТКЕ ТОЛГОН КАЗАНДЫН ЖАНЫНДА ОТУРГАНДА ЭЛЕ, ТЕҢИРДИН КОЛУНАН ӨЛҮП КАЛСАК ЭМНЕ!
СИЛЕР МАГА ЭМЕС, КУДАЙГА НААЛЫП ЖАТАСЫҢАР.
АЗЫР МЕН СИЛЕРГЕ АСМАНДАН НАН ЖААДЫРАМ. ЭЛ КҮН САЙЫН СЫРТКА ЧЫГЫП, БИР КҮНГӨ ЖЕТКИДЕЙ НАН ЖЫЙНАП АЛСЫН.


МУСА АЙТКАНДАЙ ЭЛЕ АСМАНДАН ТҮШКӨН НАН ЭКЕН!
БИЗ ЭМНЕ ҮЧҮН АР ДАЙЫМ ШЕКТЕНЕ БЕРЕБИЗ?
ММ, АБДАН ДААМДУУ ЭКЕН! БАЛДАЙ ТАТТУУ.
ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ЧӨЛДӨ БОЛГОН УЧУРДА ТЕҢИР АЛАРДЫ МАННА МЕНЕН ТОЙГУЗУП ТУРДУ.
БУЛУТ МАМЫЧАСЫ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН ҮСТҮНДӨ ТОКТОП ТУРГАНДА ЭЛ ЭС АЛЫП, БУЛУТ МАМЫЧА ЖЫЛГАНДА, АНЫ МЕНЕН КОШО ЭЛ БУЮМ-ТАЙЫМДАРЫН АЛЫП, АРТЫНАН ЭЭРЧИШТИ.
БИР КҮНҮ АЛАРДА ИЧЕР СУУ ТҮГӨНҮП КАЛДЫ.
КУДАЙ БИЗ МЕНЕНБИ ЖЕ ЖОКПУ?
МЕН БАРЫП КУДАЙ МЕНЕН СҮЙЛӨШӨЙҮН.


МЕН СЕНИН АЛДЫҢДА, ХОРЕПТЕГИ АСКАНЫН ҮСТҮНДӨ ТУРАМ. СЕН АСКАНЫ ЧАПКАНДА, АНДАН СУУ ЧЫГЫП, ЭЛ СУУ ИЧЕТ.
СИЛЕРГЕ КУДАЙГА ИШЕНБЕЙ, НААЛЫЙ БЕРЕСИҢЕР. МЫНА КУДАЙДЫН КҮЧҮН КӨРГҮЛӨ!
ТАРС!
ААААА!
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН ЖЕМЕЛЕГЕНИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ АЛ ЖЕРГЕ МАСА ЖАНА МЕРИБА ДЕГЕН АТ КОЙДУ, АНТКЕНИ АЛАР ТЕҢИРДИ: «БИЗДИН АРАБЫЗДА ТЕҢИР БАРБЫ ЖЕ ЖОКПУ?» – ДЕП СЫНАШТЫ.


СУУ ШАРКЫРАП АКТЫ.
БИРОК СУУНУН КӨЙГӨЙҮНӨН БАШКА ДА КӨЙГӨЙ БАР ЭЛЕ…
ЧӨЛ ТАРАПТЫ КАРАСАҢАР
АМАЛЫКТЫКТАР… МУСАГА БАРЫП АЙТКЫЛА.
АЛАР БИЗДИ ТУЗАККА ТҮШҮРДҮК ДЕП ОЙЛОП ЖАТЫШАТ.
ЖАШЫЯ, СОГУШКА МЫКТЫ АСКЕРЛЕРИҢДИ ДАЯРДА.
ЭРТЕҢ МЕН ДӨБӨНҮН БАШЫНДА ТУРАМ, КУДАЙДЫН ТАЯГЫ МЕНИН КОЛУМДА БОЛОТ.






МИСИРДЕН ЧЫГУУ 17:10-11


БИЗ КУДАЙДЫН АЛДЫНДА МУСАНЫН КОЛДОРУН ЭКИ ЖАКТАН СҮЙӨП ТУРАЛЫ.
КУДАЙ АНЫ КӨРҮП, БИЗГЕ ЖЕҢИШТИ БЕРЕТ.
КАРАГЫЛАЧЫ! КУДАЙДЫН КИШИСИ МУСА БИЗ ҮЧҮН АРАЧЫЛЫК КЫЛЫП ЖАТАТ.
АЛБЕТТЕ КУДАЙ БИЗГЕ ДУШМАНДАРЫБЫЗДЫ Н ҮСТҮНӨН ЖЕҢИШТИ ТАРТУУЛАЙТ.
КУДАЙ-ТЕҢИР МУСАНЫН СЫЙЫНУУСУН УГУП, АМАЛЫКТЫКТАРДЫН ТАШ-ТАЛКАНЫН ЧЫГАРДЫ.


МУСА ФАРАОН МЕНЕН КҮРӨШҮП ЖАТКАН УЧУРДА ҮЙ-БҮЛӨСҮН КАЙЫН АТАСЫ ИТРОНУКУНА ЖИБЕРГЕН ЭЛЕ. ЭМИ АЛАР КАЙТЫП КЕЛИШТИ.
АТА!
МЫНА ЭМИ ЖАКЫНДАРЫМ ЖАНЫМДА.
СЕН БҮГҮН МИСИРДЕГИ БАРДЫК АЛТЫН-КҮМҮШТӨН ДА КЫМБАТ БОЛГОН БАЙЛЫГЫМДЫ МАГА АЛЫП КЕЛДИҢ.
ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН КАЙТЫП КЕЛГЕНИН МАЙРАМДАГАН УЧУРДА, МУСА КАЙНАТАСЫ ИТРОГО КУДАЙДЫН МУСАГА ЖАНА ӨЗ ЭЛИНЕ ЭМНЕ КЫЛГАНЫНЫН БААРЫН АЙТЫП БЕРДИ.
ТЕҢИРДИН БАРДЫК КУДАЙЛАРДАН УЛУУ ЭКЕНИН ЭМИ БИЛДИМ, АНТКЕНИ АЛАР ЫСРАЙЫЛДЫКТАРГА КЫЙЫНСЫНЫШКАНДА, АЛ ӨЗҮНҮН КУДУРЕТТҮҮЛҮГҮН КӨРСӨТТҮ.



ЭРТЕСИ КҮНҮ МУСА ЭЛГЕ СОТ ЖҮРГҮЗҮҮ ҮЧҮН ОТУРДУ. АГА АР КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР МЕНЕН ЭЛ КАЙРЫЛЧУ.
ЭЛДИ ЭМНЕ КЫЛЫП ЖАТАСЫҢ? ЭМНЕ ҮЧҮН БҮТ ЭЛ ЭРТЕДЕН КЕЧКЕ АЛДЫҢДА ТУРАТ?
ЭЛ МАГА КУДАЙДЫН ЭРКИН СУРОО ҮЧҮН КЕЛИП ЖАТАТ.
СЕН ӨЗҮҢДҮ ДА, АЛДЫҢДАГЫ ЭЛДИ ДА КЫЙНАП ЖАТАСЫҢ, АНТКЕНИ БУЛ ИШ САГА ООРДУК КЫЛАТ.
СЕН ЭЛ ҮЧҮН КУДАЙДЫН АЛДЫНДА АРАЧЫ БОЛУП, ЭЛДИН ИШТЕРИН КУДАЙГА ЖЕТКИРИП ТУРУШУҢ КЕРЕК.
АЛАРГА КУДАЙДЫН МЫЙЗАМДАРЫН ҮЙРӨТҮП, АЛАР ЖҮРӨ ТУРГАН КУДАЙДЫН ЖОЛУН ЖАНА АЛАР КЫЛА ТУРГАН ИШТЕРДИ КӨРСӨТ.
ЭЛ ИЧИНЕН ЖӨНДӨМДҮҮ, КУДАЙДАН КОРККОН АДАМДАРДЫ ТАНДАП АЛЫП, АЛАРДЫ ЭЛГЕ СОТ КЫЛЫП ДАЙЫНДА. АЛАР ООР ИШТЕРДИ ГАНА САГА АЛЫП КЕЛИШСИН.
ОШОНДО СЕН БЕКЕМ ТУРА АЛАСЫҢ, ЭЛ ДА ӨЗ ОРДУНА ТЫНЧТЫК МЕНЕН ТАРАП КЕТЕТ ЖАНА…
…МЕНИН КЫЗЫМ ЖАНА НЕБЕРЕЛЕРИМ АТАСЫ МЕНЕН КӨБҮРӨӨК УБАКЫТ ӨТКӨРӨ АЛЫШАТ.


МУСА УЛУУ ЭЛДИН БАШЧЫСЫ БОЛГОНУНА КАРАБАСТАН, КАЙНАТАСЫНЫН СӨЗҮНӨ МАКУЛ БОЛУП, АЛ АЙТКАНДЫН БААРЫН ЖАСАДЫ.
БУЛ ЖҮЗ БАШЫ, ОН БАШЫЛАР ДА АДИЛЕТТҮҮ…
ЭМИ ЧЕЧИМ ТЕЗИРЭЭК ЧЫГАТ ДА, БИЗ КӨПКӨ КҮТПӨЙБҮЗ.


КУДАЙ ЧЫНЫНДА СИЛЕРДИН АРАҢАРДА ЖҮРӨТ.
РАХМАТ, МЕНИН ИШЕНИМДҮҮ ДОСУМ.
МУСА КАЙЫН АТАСЫН ҮЙҮНӨ ТЫНЧТЫК МЕНЕН УЗАТТЫ.


МЕНИН МИСИРЛИКТЕРГЕ ЭМНЕ КЫЛГАНЫМДЫ, КУЛЧУЛУКТАН БОШОТУП, ЧӨЛДӨ ТАМАК БЕРИП, СУУ ЧЫГАРГАНЫМДЫ ЭСТЕРИНЕ САЛ.
КАЙРАДАН БУЛУТ ЖЫЛГАНДА, ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ БУЮМДАРЫН ЧОГУЛТУП, ЖОЛГО ЧЫГЫШТЫ. АНДАН СОҢ СИНАЙ ДЕП АТАЛГАН ТООНУН БЕТ МАҢДАЙЫНА СТАНЫ МЕНЕН ЖАЙЛАНЫШТЫ.


ЭГЕР АЛАР МЕНИ УГУП, МЕНИН КЕЛИШИМИМДИ САКТАСА, АНДА БҮТ ЭЛДЕРДИН ИЧИНЕН АЛАР МЕНИН ЭНЧИМ БОЛУШАТ. АЛАР МЕН ҮЧҮН ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАРДЫН ПАДЫШАЧЫЛЫГЫ ЖАНА ЫЙЫК ЭЛ БОЛУШАТ.
МУСА, СЕНИ МЕНЕН СҮЙЛӨШКӨНҮМДҮ ЭЛ УГУШУ ҮЧҮН ЖАНА САГА ДАЙЫМА ИШЕНИШИ ҮЧҮН, МЕН САГА КАЛЫҢ БУЛУТТУН ИЧИНДЕ КЕЛЕМ.


МИСИР ЖЕРИНЕН ЧЫГЫШКАНДАН КИЙИН, ҮЧҮНЧҮ АЙДАН КИЙИН, ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ СИНАЙ ЧӨЛҮНӨ КЕЛИШТИ.
ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ОШОЛ ЖЕРДЕГИ ТООНУН БЕТ МАҢДАЙЫНА СТАНЫ МЕНЕН ЖАЙЛАНЫШТЫ.


МУСА КУДАЙ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ ҮЧҮН, ТООГО ЧЫКТЫ. ТООДОН ТЕҢИР АГА МЫНДАЙ ДЕП КАЙРЫЛДЫ:
МЕНИН МИСИРЛИКТЕРГЕ ЭМНЕ КЫЛГАНЫМДЫ КӨРДҮҢӨР, МЕН СИЛЕРДИ БҮРКҮТ БАЛАПАНЫН КАНАТЫНА КӨТӨРГӨНДӨЙ КӨТӨРҮП ЖҮРҮП, ӨЗҮМӨ АЛЫП КЕЛДИМ.
ОШОНДУКТАН СИЛЕР МЕНИ УГУП, МЕНИН КЕЛИШИМИМДИ САКТАСАҢАР, АНДА БҮТ ЭЛДЕРДИН ИЧИНЕН СИЛЕР МЕНИН ЭНЧИМ БОЛОСУҢАР.


МУСА ТООДОН КЕЛИП, ЭЛДИ ЧАКЫРДЫ ДА, ТЕҢИР ОСУЯТТАГАН УШУЛ СӨЗДӨРДҮ АЙТТЫ.
МУСА ТООДОН КЕЛИП, ЭЛДИ ЧАКЫРДЫ ДА, ТЕҢИР ОСУЯТТАГАН УШУЛ СӨЗДӨРДҮ АЙТТЫ.
БАРГЫЛА ДА ӨЗҮҢӨРДҮ ЫЙЫКТООГО ДАЯРДАНГЫЛА. КИЙИМДЕРИҢЕРДИ ЖУУП ТАЗАЛАГЫЛА. ҮЧҮНЧҮ КҮНҮ ТЕҢИР БҮТ ЭЛДИН КӨЗ АЛДЫНДА СИНАЙ ТООСУНА ТҮШҮП КЕЛЕТ.
КУДАЙ БУЙРУГАНДАЙ ЭЛЕ, ҮЧҮНЧҮ КҮНҮ БАРДЫК ЭЛ ТООНУН ЭТЕГИНЕ КЕЛИП ЧОГУЛУШТУ. ЧАГЫЛГАН ЧАРТЫЛДАДЫ, КАЛЫҢ БУЛУТ ТООНУН БАШЫНА КЕЛДИ ДА …
МУСА, ТООГО ЧЫГЫП КЕЛ.
МЕН СИЛЕРДИ МИСИР ЖЕРИНЕН АЛЫП ЧЫККАН КУДУРЕТТҮҮ КУДАЙМЫН. ЫЛДЫЙ ТҮШКӨНДӨ ТООНУН ЭТЕГИНЕ ЭЛДИ ӨТКӨРБӨЙ ТУРГАН СЫЗЫК СЫЗ.
ЭГЕР КАЙСЫ БИРӨӨ ТООНУН ЭТЕГИНЕ ТИЙСЕ, ӨЛӨТ. МЕН САГА ОН ОСУЯТТЫ БЕРЕМ, СЕН АЛАРДЫ ЭЛГЕ ЖЕТКИРИШИҢ КЕРЕК.




МИСИРДЕН ЧЫГУУ 20:3-17



ОШОНДОЙ ЭЛЕ ЭЛ ИЧИНДЕ АДИЛЕТТҮҮЛҮК ОРНОШУ ҮЧҮН КУДАЙ МУСАГА БИР НЕЧЕ КӨРСӨТМӨЛӨРДҮ БЕРДИ.
ДЕНЕГЕ ЗЫЯН КЕЛТИРҮҮ.
“КИМДИР БИРӨӨ БИРӨӨНҮ УРУП ЖИБЕРГЕНДЕ, АЛ ӨЛҮП КАЛСА, АНДА АЛ ӨЛҮМ ЖАЗАСЫНА ТАРТЫЛСЫН”.
“БИРОК АЛ АТАЙЫЛАП ӨЛТҮРБӨСӨ, АНЫН ӨЛҮМҮНӨ КУДАЙ ЖОЛ БЕРГЕН БОЛСО, АНДА ӨЛТҮРГӨН КИШИ КАЧЫП КЕТЕ ТУРГАН ЖЕРДИ САГА ӨЗҮМ КӨРСӨТӨМ”.
МАЛ-МҮЛКТҮ КОРГОО.
“ЭГЕРДЕ КИМДИР БИРӨӨ ӨГҮЗ ЖЕ КОЙ УУРДАП СОЮП АЛСА ЖЕ САТСА, АНДА БИР ӨГҮЗ ҮЧҮН БЕШ ӨГҮЗ, БИР КОЙ ҮЧҮН ТӨРТ КОЙ ТӨЛӨЙТ”.
ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЖООПКЕРЧИЛИГИ.
“ЖЕСИРДИ ДА, ЖЕТИМДИ ДА КЫСЫМГА АЛБА”.
КЕЛГИНДИ КЫСЫМГА АЛБА, КОРДОБО, АНТКЕНИ СИЛЕР ӨЗҮҢӨР ДА МИСИР ЖЕРИНДЕ КЕЛГИН БОЛГОНСУҢАР.
“КӨПЧҮЛҮКТҮ ЭЭРЧИП ЖАМАНДЫККА БАРБА”.
“ЖАКЫРДЫН ИШИН ТУУРА ЭМЕС СОТТОБО.”


КУДАЙ ЫЙЫК БОЛГОНДУКТАН, АЛ АГА КАНТИП ТАБЫНУУ КЕРЕКТИГИ ТУУРАЛУУ КӨРСӨТМӨЛӨРДҮ БЕРДИ…
МАГА КУРМАНДЫККА ТАЗА МУЗООНУ ГАНА ЧАЛГЫЛА.
КУРМАНДЫККА ЕЛЕЙ ЖАНА ЛАДАН КОШКУЛА. БУЛАРДЫН ЖЫПАР ЖЫТЫ КУДАЙГА ЖАГЫМДУУ.
КУДАЙ ДЕН СООЛУК БОЮНЧА КӨРСӨТМӨЛӨРДҮ БЕРДИ.
ТӨРӨЛГӨНДӨН КИЙИН СЕГИЗИНЧИ КҮНҮ ЭРКЕК УУЛ СҮННӨТКӨ ОТУРГУЗУЛУШУ КЕРЕК.
АЛ ЭЛДЕН ОБОЧОЛОНУШУ КЕРЕК.
АНЫН ЧАЧЫ АГАРЫП, ШИШИК ЖЕРДЕ ЭТИ СЫЙРЫЛЫП КАЛГАН. БУЛ ӨНӨКӨТКӨ АЙЛАНГАН ТЕРИ ООРУСУ.
ИШЕМБИ КҮНҮН ЫЙЫК ТУТУП, МЕНИН ЫЙЫКТЫГЫМДЫ УРМАТТАГЫЛА. МЕН СИЛЕРДИН ТЕҢИРИҢЕРМИН.
КЕДЕЙДИ КЕМСИНТИП, БАЙГА ЖАКШЫ КӨРҮНБӨГҮЛӨ. ЖАКЫНЫҢАРДЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МЕНЕН СОТТОГУЛА.
ЫЙЫК БОЛГУЛА. АНТКЕНИ СИЛЕРДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИҢЕР - МЕН ЫЙЫКМЫН.




МИСИРДЕН ЧЫГУУ 24:1-8


АНДАН КИЙИН МУСА ЫСРАЙЫЛДЫН ЖЕТИМИШ АКСАКАЛЫ БОЛУП ТООНУН БАШЫНА ЧЫГЫШТЫ.
КАПЫСЫНАН АЛАРГА КУДАЙДЫН ТАГЫ КӨРҮНДҮ.
КУДАЙДЫН ДАҢКЫ!
КУДАЙ МУСА ЖАНА АНЫН КЫЗМАТЧЫСЫ ЖАШЫЯНЫ ТООНУН БИЙИКТИГИНЕ ЧАКЫРДЫ.
БИЗ КАЙРЫЛЫП КЕЛГИЧЕ, УШУЛ ЖЕРДЕ БОЛГУЛА.
АРУН МЕНЕН ХУР СИЛЕР МЕНЕН БОЛОТ. КИМДИН ЖУМУШУ БОЛСО, ОШОЛОРГО КЕЛСИН.
ТЕҢИРДИН ДАҢКЫ СИНАЙ ТООСУН ЧУЛГАДЫ. ТООНУН БАШЫНДАГЫ ТЕҢИРДИН ДАҢКЫ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНЫН КӨЗҮНӨ БАРДЫГЫН ЖАЛМАП САЛУУЧУ ОТТОЙ БОЛУП К ӨРҮНДҮ.
МУСА АЛ ТООДО КЫРК КҮН, КЫРК ТҮН БОЛДУ.






МИСИРДЕН ЧЫГУУ 20:4,25:8-9,28:1-3, 32:1-4


МЫНА СЕНИН КУДАЙЫҢ, ЫСРАЙЫЛ! СЕНИ МИСИР ЖЕРИНЕН АЛЫП ЧЫККАН КУДАЙЫҢ УШУЛ! ЭРТЕҢ ТЕҢИРГЕ АРНАЛГАН МАЙРАМ БОЛОТ.
АРУН БУЛ БУРКАН КУДАЙ ЭМЕС ЭКЕНИН БИЛСЕ ДА, ЭЛДЕН КОРККОНУНАН УШИНТИП АЙТЫП КОЙДУ.


АЛАР БҮТҮНДӨЙ ӨРТТӨЛҮҮЧҮ КУРМАНДЫК МЕНЕН ТЫНЧТЫК КУРМАНДЫГЫН ЧАЛЫШТЫ. АНАН ЭЛ ИЧИП-ЖЕП, КӨҢҮЛ АЧКАНЫ ТУРДУ. *
ТЕЗИРЭЭК ТООДОН ТҮШ, АНТКЕНИ МИСИР ЖЕРИНЕН АЛЫП ЧЫККАН ЭЛИҢ БУЗУЛДУ. АЛАР ТЕЗ ЭЛЕ МЕН ОСУЯТ КЫЛГАН ЖОЛДОН ЧЫГЫП КЕТИШТИ. ӨЗДӨРҮНӨ АЛТЫНДАН МУЗОО КУЮП АЛЫП, АГА СЫЙЫНЫП, КУРМАНДЫК ЧАЛЫП, “ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ, СИЛЕРДИ МИСИР ЖЕРИНЕН АЛЫП ЧЫККАН КУДАЙЫҢ МЫНА УШУЛ!” ДЕП ЖАТЫШАТ.
* АЛТЫНДАН ЖАСАЛГАН МУЗОО КУДАЙГА ЭЛ ТАБЫНУУ МЕНЕН ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КЕЛИШИМДЕГИ АЛГАЧКЫ ҮЧ ОСУЯТТЫ БУЗУШТУ.


СТАНДА СОГУШ БОЛУП ЖАТКАНДАЙ ҮНДӨР УГУЛУП ЖАТАТ.
БУЛ ЖЕҢГЕНДЕРДИН КЫЙКЫРЫГЫ ЭМЕС, ЖЕҢИЛГЕНДЕРДИН БОЗДОГОНУ ДА ЭМЕС. МЕН ЫРДАГАНДАРДЫН ҮНҮН УГУП ЖАТАМ.
СИЛЕР КУДАЙДЫН КЕЛИШИМИН БУЗДУҢАР!
МУСА ОСУЯТТАР ЖАЗЫЛГАН ТАШ ЛООКТОРДУ СЫНДЫРА ЫРГЫТТЫ.
КУДАЙ МЕНДЕН БАШКА КУДАЙЛАРЫҢ БОЛБОСУН ДЕБЕДИ БЕЛЕ? УШУЛ СИЛЕРДИН КОЛУҢАРДАН ЖАСАЛГАН БУРКАН КАНТИП СИЛЕРДИН ЖАРАТУУЧУҢАР БОЛОТ?
МУСА АЛАР ЖАСАГАН МУЗООНУ АЛЫП, ОТКО ӨРТТӨП, КҮЛДӨЙ КЫЛЫП МАЙДАЛАП, СУУГА ЧАЧЫП ЖИБЕРДИ ДА, АЛ СУУДАН ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫНА ИЧИРДИ.


БУЛ ЭЛДИ УШУНДАЙ ЧОҢ КҮНӨӨГӨ БАТЫРГЫДАЙ, БУЛ ЭЛ САГА ЭМНЕ КЫЛДЫ?
МЫРЗАМДЫН АЧУУСУ КЕЛБЕСЕ ЭКЕН, БУЛ ЭЛДИН МОЮН СУНБАС ЭЛ ЭКЕНИН ӨЗҮҢ БИЛЕСИҢ.
КИМ ТЕҢИРДИ ЭЭРЧИГИСИ КЕЛСЕ, МАГА КЕЛСИН! ЭГЕР МИСИРДИН КУДАЙЫНА ТАБЫНАМ ДЕСЕҢЕР, ОРДУҢАРДА КАЛГЫЛА.
АР БИРИҢЕР КЫЛЫЧЫҢАРДЫ БЕЛИҢЕРГЕ БАЙЛАП, СТАНДЫ АРАЛАП, МУЗООГО ТАБЫНГАНДАРДЫ ӨЛТҮРГҮЛӨ.
БИЗ ЛЕБИЛЕР ЧЫНЫГЫ КУДАЙДЫН АРТЫНАН ЭЭРЧИЙБИЗ.
3,000 ТЕГЕРЕГИНДЕ АДАМ ӨЛДҮ.
ЖООК!
ШАРК-ШАРК!
АААЙ!


МУСА ТООГО КУДАЙ МЕНЕН БААРЛАШУУГА ЧЫКТЫ. ОШОНДО КУДАЙ ТАШ ЛООКТОРГО КЕЛИШИМ СӨЗДӨРҮН – ОН ОСУЯТТЫ ЖАЗДЫ.
СИЛЕР КҮНӨӨГӨ БАТКАНДА, КУДАЙ СИЛЕРДИ КЫРЫП САЛГЫСЫ КЕЛДИ. БИРОК МЕН СИЛЕР ҮЧҮН СУРАНГАНЫМДА ТЕҢИР СИЛЕРДИ КЕЧИРИП, КЕЛИШИМДИ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРДИ. КУДАЙЫБЫЗ ЧЫНЫНДА ЫРАЙЫМДУУ ЖАНА КЕЧИРИМДҮҮ.
КУДАЙГА ТАБЫНУУЧУ ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫН АНЫН КӨРСӨТМӨЛӨРҮ БОЮНЧА КУРСАК, АЛ БИЗ МЕНЕН ОШОЛ ЖАЙДА ЖОЛУГАТ. БААРЫБЫЗ КҮНӨӨКӨР БОЛГОНДУКТАН, КУДАЙГА ӨЗҮБҮЗ КЕЛЕ АЛБАЙБЫЗ. БИРОК АНДА БИЗ АГА ЖАКЫНДАЙ ТУРГАН ЖОЛ БАР.
ЛЕБИЛЕР КҮН САЙЫН ТЕҢИРГЕ КУРМАНДЫК ЧАЛЫП ТУРУШАТ. БИР ЖЫЛДА БИР ЖОЛУ КУРМАНДЫКТЫН КАНЫ КЕЛИШИМ ЧАТЫРЫНЫН ҮСТҮНӨ СЫЙПАЛАТ. КУДАЙ АЛ КАНДЫ КӨРГӨНДӨ, МИСИРДЕГИДЕЙ БИЗДИН КҮНӨӨЛӨРДҮ ЖУУЙТ. БИЗ ТИРҮҮ КАЛАБЫЗ. БУЛ ТЕҢИРДИН БИЗДИ КЕЧИРҮҮ ЖОЛУ.
ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫ КУРУЛУП БҮТТҮ. ЫЙЫК КЫЗМАТ КЫЛУУЧУЛАР КУРМАНДЫК ЧАЛА БАШТАШТЫ. КУДАЙ АЛАРДЫН ИШЕНИМИН КӨРҮП, КҮНӨӨЛӨРДҮ КЕЧИРИП ЖАТТЫ.


СИНАЙ ТООСУНДА КУДАЙ КЫЛГАН БАРДЫК ЖАКШЫЛЫКТЫ УНУТУП, ЭЛ ТЕҢИРГЕ НААЛЫЙ БАШТАДЫ.
КУДАЙ БИЗ МЕНЕН БОЛОМ ДЕГЕН УБАДАСЫ ҮЧҮН ГАНА БИЗ МУНУН БААРЫН КЫЛЫШЫБЫЗ КЕРЕКПИ.
КАЧАН БИЗДЕ СУУ БОЛОТ. БУЛ КАКЫРАГАН ЧӨЛДӨ СУУСУ ЖОК ӨЛӨЙҮН ДЕП КАЛДЫК.
БИЗДЕ ЭЧ КАЧАН…
АААААААЙ!
ОТ! МУСАНЫ ЧАКЫРГЫЛА!
МУСА, БИЗДИ КУТКАРА КӨР! БИЗГЕ АСМАНДАН ОТ ТҮШҮП ЖАТАТ!
МУСА ТЕҢИРГЕ СЫЙЫНДЫ, ОТ ӨЧТҮ. БИРОК ОТ СТАНДЫ ЧЕТИНЕН ЖОК КЫЛА БАШТАГАН ЭЛЕ.
УШУЛ ЖЕРДЕ АЛАРГА ТЕҢИРДИН ОТУ ТҮШКӨНДҮКТӨН, АЛ ЖЕРДИН АТЫН ТАБЕЙРАДЕП АТАШТЫ.


ЭЛДИН АЙРЫМДАРЫ ТҮРДҮҮ ТАМАКТЫ ЭҢСЕЙ БАШТАШТЫ.
МАННАДАН ТАЖАДЫМ.
МАННАДАН БАШКА ЖЕГЕНГЕ ЭЧ НЕРСЕ ЖОК.
ЭЛ МАННАНЫ ТЕРИП АЛЫП, ЖАРГЫЛЧАККА ТАРТЫП ЖЕ СОКУГА ЖАНЧЫП, КАЗАНГА САЛЫП, ТОКОЧ ЖАСАШЧУ, АНЫН ДААМЫ ЗАЙТУН МАЙЫ КОШУЛГАН ТОКОЧТУН ДААМЫНДАЙ ЭЛЕ. 1
1 МАННА ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ ШҮҮДҮРҮМ МЕНЕН КОШО ПАЙДА БОЛЧУ.
ОО, АЗЫР МИСИРДЕГИДЕЙ ДААМДУУ БАЛЫК БОЛГОНДО КАНА.
МИСИРДЕГИ БЕКЕР ЖЕГЕН БАДЫРАҢ, КООН, ПИЯЗ, КӨК ПИЯЗ, САРЫМСАК ЭСИБИЗДЕН КЕТПЕЙТ.
ЭРТЕДЕН КЕЧКЕ МАННА ЖЕЙ БЕРИП, ЭМИ БИЗДЕ АЗЫР АЛ ЖОК,
МУСА АР БИР ҮЙ-БҮЛӨ ӨЗ ЧАТЫРЫНЫН АЛДЫНДА ЫЙЛАП ОТУРГАНЫН УКТУ. МУСА БУГА КАЙГЫРДЫ.
... ОШОНДО ТЕҢИР КАТУУ КААРДАНДЫ.


ЭМНЕ ҮЧҮН МЕН СЕНИН АЛДЫҢДА ЫРАЙЫМ ТАППАДЫМ? ЭМНЕ ҮЧҮН БҮТ ЭЛДИН ТҮЙШҮГҮН МАГА ЖҮКТӨП ЖАТАСЫҢ?
БУЛ ЭЛДИ КУРСАГЫМА МЕН КӨТӨРҮП, МЕН ТӨРӨДҮМ БЕЛЕ?
СЕН БУЛ ЭЛДИН АТА-БАБАЛАРЫНА БЕРЕМ ДЕП АНТ МЕНЕН УБАДА КЫЛГАН ЖЕРГЕ МЕНИ БАЛА БАГУУЧУ АЯЛ СЫЯКТУУ БУЛ ЭЛДИ КОЛУМА КӨТӨРҮП БАРАМБЫ?
МЕН БҮТ ЭЛДИ ЖАЛГЫЗ КӨТӨРҮП ЖҮРӨ АЛБАЙМ, БУЛ МЕН ҮЧҮН ООР.
МАГА УШУНДАЙ КЫЛГАНЫҢДАН КӨРӨ, МЕНЕН ӨЛҮРҮП САЛГАНЫҢ АРТЫК.
МАГА ЫСРАЙЫЛ АКСАКАЛДАРЫНЫН ИЧИНЕН ЖЕТИМИШ КИШИ ЧОГУЛТУП КЕЛ. АЛАР СЕН БИЛГЕН УРУУ АКСАКАЛДАРЫ МЕНЕН КӨЗӨМӨЛДӨӨЧҮЛӨРҮ БОЛСУН. АЛАР СЕНИ МЕНЕН КОШО ЖЫЙЫН ЧАТЫРЫНЫН АЛДЫНДА ТУРУШСУН.
ОШОНДО МЕН КЕЛИП, СЕНИ МЕНЕН СҮЙЛӨШӨМ, СЕНИН ҮСТҮҢДӨГҮ РУХТАН АЛЫП, АЛАРГА САЛАМ…
…ЭЛДИН ТҮЙШҮГҮН СЕН ЖАЛГЫЗ КӨТӨРБӨЙ, СЕНИ МЕНЕН БИРГЕ АЛАР ДА КӨТӨРҮШӨТ.






Сандар 11:18-23




Сандар 11:24-30


ТЕҢИР ШАМАЛ ЖИБЕРИП, ДЕҢИЗ ТАРАПТАН БӨДӨНӨЛӨРДҮ АЙДАП, СТАНДАРДЫН ЖАНЫНА ТАШТАДЫ.
БӨДӨНӨЛӨР СТАНДЫН БИР ТАРАБЫНАН БИР КҮНДҮК ЖОЛГО ЧЕЙИН, ЭКИНЧИ ТАРАБЫНАН ДА БИР КҮНДҮК ЖОЛГО ЧЕЙИН, ЭКИ ЧЫКАНАК БИЙИКТИКТЕ КАПТАП КАЛДЫ.
БӨДӨНӨЛӨР УШУНЧАЛЫК КӨП БОЛГОНДУКТАН, ЭҢ АЗ ДЕГЕНДЕ ЭЛЕ АР БИР КИШИ ҮЧ ТОННАДАЙ ЭТ ЖЫЙНАДЫ.
ЭТКЕ ЖЕТЕР КҮНҮБҮЗ БОЛОТ ЭКЕН!
БАТЫРААК БЫШЫРЫП ЖЕШ КЕРЕК!
ЭЛ БИР КҮН КЕЧКЕ БӨДӨНӨЛӨРДҮ ЧОГУЛТУУ МЕНЕН АЛЕК БОЛУП, ҮЙЛӨРҮНӨ ЖЫЙНАП АЛЫШТЫ. ЭТТИ ЧАЙНАП ЖУТА ЭЛЕКТЕ, ТЕҢИРДИН КААРЫ КАЙНАП, ӨТӨ КАТУУ ООРУ ЖИБЕРИП, ЭЛДИ КЫЙРАТТЫ.
БУЛ ЖЕРДИ КИБРОТ-АТААПДЕП АТАШТЫ, АНТКЕНИ АЛ ЖЕРДЕ КЕСИРЛҮҮ ЭЛДИ КӨМҮШТҮ.
ЭЛ КИБРОТ-АТААПТАН ЧЫГЫП, ХАТСЕЙРОТКО КЕЛИП, ОШОЛ ЖЕРДЕ ТОКТОП КАЛДЫ.

"THE BIBLE EXPLAINED IN EVERY LANGUAGE."





SUPERBIBLE.TV